УДК: 37:39

*Шамыркулова В. Т., окутуучу,*
*Каныбекова М. К., магистрант*
*К. Тыныстанов ат. ЫМУ, Кыргызстан*

# ЭЛДИК ДИДАКТИКА ЭТНОПЕДАГОГИКАНЫН КАЗЫНАСЫ КАТАРЫ

*Макалада кыргыз этнопедагогикасынын казыналары, булактары, каражаттары, алардын кийинки муундарга таасир этүүчү тарбиялык мааниси, табияты, тарыхы туурасында айтылат. Элдик оозеки чыгармачылыктын табияты, мүнөздөмөлөрү талданып, анын этнопедагогикадагы орду көрсөтүлү менен, педагогикалык адистикке даярдалып жаткан студенттерге, улутубуздун тарбия маданиятына кызыгуучуларына, мектеп мугалимдерине керектүү маалыматтар берилди.*

***Өзөктүү сөздөр:*** *этнопедагогика, элдик оозеки чыгармачылык, фольклор, педагогикалык идея, тарбия, маданият, улут.*

*Шамыркулова В. Т., преподаватель*
*Каныбекова М. К., магистрант*
*ИГУ им. Тыныстанова, Кыргызстан*

# НАРОДНАЯ ПЕДАГОГИКА КАК КЛАДОВАЯ ЭТНОПЕДАГОГИКИ

*В статье подробно даны сведения о богатствах, источниках, средствах кыргызской этнопедагогики, её истории с целью оказания влияния на формирование и воспитание подрастающего поколения, одновременно изложена информация будущим педагогам о культуре, воспитании с целью удовлетворения их запросов по этой теме.*

***Ключевые слова:*** *этнопедагогика, народное устное творчество, фольклор, педагогические идеи, воспитания, культура, нация.*

*Shamyrkulova V. T., lecturer*
*Kanybekova M. K., master student*
*K. Tynystanov IGU, Kyrgyzstan*

# FOLK PEDAGOGY IS LIKE A PANTRY OF ETHNOPEDAGOGY

*The present article aims to give detailed information about the treasures of the Kyrgyz ethno-pedagogy, their sourcts, materials, history and nature, their great educational impact on the next generations. At the same time, information is provided to future teachers, to whom we aimed to give useful pedagogical skills, about the educational culture of our nation in order to make them interested.*

***Key words:*** *ethno-pedagogy, Creativity and Tradition in Oral Folklore, pedagogical ideas, education, culture, nation.*

XX кылымдын башталышына чейин кыргыз элинде туруктуу жазма

тарбия маданияты, системалуу билим берүү өнүккөн эместиги барыбызга маалым. Бирок жашообузга, чарбачылык ишке, маданиятка, этнопедагогикага жана башкаларга байланыштуу эмпирикалык билим зарыл болуп, кийинки муун өзүнөн мурунку муундардын тажрыйбасын өздөштүрүп, байытып, өнүктүрүп келген жана ошонун натыйжасында адамдардын практикалык, теориялык көндүмдөрү иштелип чыккан. Башкача айтканда, жашоо булагы болгон эмгекке, кесипке үйрөткөн тариздүү поэзияга, музыкага, жасалга-колдонмо өнөрлөргө дасыктыруу сыяктуу билим берүүнүн салттары уланып келет. Ал эми алардын ар биринин табиятын азыркы педагогикалык чен-өлчөмдөр менен талдоо элдердин, урук, уруулардын, улуттардын педагогикалык билимдери менен тажрыйбаларын жалпылоочу илим катары негизделген этнопедагогиканын тармагы болгон элдик дидактика жөнүндө өз алдынча сөз кылууга мүмкүнчүлүк берет. Элдик дидактика дегенибиз – жаш муундарды окутуунун максаты, мазмуну, аларды билим жана билгичтиктерге ээ кылуунун усулдары жана каражаттары жөнүндөгү элдик акыл-ойлордун жана тажрыйбалардын системасы.

Элдик дидактиканын айрым бир салттары учурда мектептердеги окутуу, билим берүү ишин өнүктүрүүгө олуттуу негиз болоорунда шек жок. Бул багытта атайын ырааттуу иш алып баруунун актуалдуулугу Кыргыз Республикасынын мектептеринде предметтик билим берүүнү жаңылоо концепцияларында да төмөндөгүдөй белгиленген: «Балдардын интеллектуалдык жана ыймандык сапаттарын калыптандырууда этнопсихологиялык өзгөчөлүктөрүн жана элдик педагогикалык салттарын эске алуу зарыл» [1: 3]. Ошол себептүү балдардын ыйманын, потриоттук сезимин, адеп-ахлак, маданиятын өнүктүрүүчү кыргыздын салттуу тарбия маданиятынын дөөлөттөрүн кеңири жайылтуу, колдонуу – учурдун актуалдуу маселелеринин бири.

Элибиздин кенч-казыналарынын айрым бир бөлүктөрүн алып карасак, аларга педагогиканын баалуулуктары, булактары, каражаттары катары бааланган уламыш-болмуштар, дастандар, жомоктор, макал-ылакаптар, табышмактар, элдик ырлар, санжыралар кирет. Аталып өткөндөр этнопедагогика илиминде чоң тарбиялык маани, маңызга ээ. Алардын ар бирине токтолуп көрсөк.

Биринчи кезекте, жаштарды үйрөтүүчү, таалим-тарбия берүүчү функциялары түздөн-түз башкы орунга чыккан, ой кыска жана нуска айтылган макал-ылакаптардан байкалат.

Макал-ылакаптар элибизге ата-бабабыздан калган улуу мурастардын эң негизгиси. Ал – муундан муунга, ооздон оозго өтүп келе жаткан,

томуктай сөзгө тоодой акылды батырган асыл ой казынасы, анткени, жогоруда белгиленип өткөндөй, макал-ылакаптарда көлөмдүү бир чыгарманын маани-маңызы бир ооз учкул сөз менен берилет, ошондой эле дагы бир өзгөчөлүгү – убакыт өткөн сайын жазуу түрүндө да, оозеки түрүндө да жашап жана өсүп-өнүгүшү. Бирок көп учурларда адамдар макал менен ылакапты синоним катары түшүнүшөт. Албетте, бул – туура эмес көрүнүш, анткени алар курулуш, түзүлүш жагынан өтө жакын келишкени менен, өздөрүнө тийиштүү өзгөчөлүктөрү бар. Дал ошол касиеттеринин негизинде бири макал, экинчиси ылакап деп аталып келди. Тактап айтканда, макал деп коомдук турмуштун бардык жагын кучагына алуучу, адамдардын турмуштук тажрыйбаларынан алынган жана алардын дүйнөгө карата көз караштарын билдирип турган, тарбиялык мааниси терең, курч сөздүү, рифма жана ритмге ээ болгон, ойду бүтүрө айткан кыска, поэтикалык сүйлөмдөрдү айтабыз. Мисалы:

Билимдүүнүн сөзү өткүр, мергенчинин көзү өткүр [4: 166];
Адамдагы эң сонун нерсе – акыл менен билим [4: 18];
Жоктун жайын жакыр билет [4: 279];
Кулдун мойну жоон, курсагы бир тойсо, дүйнө менен иши жок [4: 402];
Чечен барда оозуңду тый, уста барда колуңду тый [4: 582] ж. б.

Ал эми ылакап деп кандайдыр бир окуянын негизинде же адамдардын жүрүш-турушунун, мүнөзүнүн өзгөчөлүгүн жыйынтыктап, так, элестүү берилген, өзүнчө чечүүчү тарыхы бар, көбүнчө каймана мааниде айтылып, контекстке карата мааниси чечилүүчү кыска, образдуу сүйлөмдөрдү айтабыз. Мисалы:

Жаман жарманын кызуусу менен черүүгө аттаныптыр;
Мындан кийин эркек төрөмөй эсте болсун;
Мурун чыккан кулактан кийин чыккан мүйүз озуптур;
Дүйнөнү сел алса, өрдөк менен каздын тыйынча кайгысы жок;
Айдаганы беш эчки, ышкырыгы таш жарат ж. б. [6: 175].

Жалпылап айтканда, макал-ылакаптардын калктын педагогикалык тажрыйбасынын жыйынтыктарын жалпылоочу касиети бар экендиги жана алардын кийинки муундарды тарбиялоодогу чоң мүмкүнчүлүгү этнопедагог-окумуштуулардын эмгектеринде ар тараптуу каралса, жалпы эле улуттук маданият феномени инсандын руханий жактан өнүгүп-өсүшүнө таасир этери окумуштуулар тарабынан далилденип, изилденген.

Этнопедагог-окумуштуу Г. Н. Волков макалды «эскилик да, өткөндүк да эмес, элдин учурдагы жандуу үнү», - деп белгилеп кеткен [3: 63]. Этнопедагогдун ою боюнча, макалдарда сөз оюну, ыргактуулук, уйкаштык, жандуулук болгондуктан, балдардын кабыл алуусуна жана эске түшүрүүсүнө жеңил болот. Ошондой эле билим берүү системасында да

макал-ылакаптардын тарбиялык маани-маңызы зор, ал түгүл, учурда билим берүү мекемелеринде гана эмес, бүтүндөй мамлекетибиздин өнүгүп-өсүшүнө түрткү берип жаткан лозунг катарында айтылып, элибиздин оюн өзгөртүп, потриоттук сезимин ойготуп келген учкул сөздөрүбүздүн калк арасында саны көбөйүүдө.

Балдардын тапкычтыгын, логикалык ой жүгүртүүсүн өнүктүрүүчү дагы бир эпикалык тек – табышмактар. Кыргыз элинин турмушунда табышмактардын өзгөчө орду, коомдук, тарбиялык, таанытуучулук функциясы бар, башкача айтканда, табышмак деп жандандыруу, ашырып айтуу, салыштыруу жана суроо формасында түзүлгөн түйүндүү ырды же кара сөз түрүндөгү чулу сүйлөмдү айтабыз.

Мисалы: Аркы өйүздүн карагай,
Берки өйүзгө жыгылат.
Берки өйүздүн карагай,
Аркы өйүзгө жыгылат.

Табышмактын жандырмагы – «уктагандагы кирпик».

Көрүнүп тургандай, табышмак эң жөнөкөй. Жөнөкөй дегенибиз, адамдын оюна келбегендей көрүнүштөр жөнүндө сөз болушу мүмкүн. Ал эми анын жандырмагы тескерисинче, күтүлбөгөндөй татаал, каймана түрдө айтылышы закон ченемдүү. Табышмакты балдардан тартып карыларга чейин айтпаган, жандырмагын чечпеген адам жоктур. Анын булагы – материалдык дүйнө. Анткени анын өзөгүн түзгөн маани-маңыз айлана-чөйрөдөн гана тандалат. Табышмактын тарбиялык мааниси зор жана өзүнүн эстетикалык күчүн жогото элек, ал дайыма кыргыз элинин элдик оозеки чыгармачылыгынын өнүгүшү менен бирге өсүүдө болот.

Элдик оозеки чыгармачылыкта жомок, уламыш, болмуш деген жанрларды да кездештиребиз. Аларды бири-биринен ажыратуу кыйын, анткени алар жанрдык белгилери боюнча ички түзүлүшүндө окшошуп, бири-бирине кошулуп кете берет, мисалы, кыргыз эл жомокторунун арасынан уламыштарды да, болумуштарды да кезиктиришибиз мүмкүн, бул алардын толук ажыратылбагандыгынан улам келип чыккан көрүнүш деп түшүнсөк болот.

«Уламыш бул – заттарды, нерселерди таанууда, кандайдыр бир тарыхтагы окуянын нугун кууп, наристе элестетүү менен баяндап, улам кийинкилерге улантылып, айтылып келген кыска, көркөм баяндар», - деп белгилеп кеткен окумуштуу М. Өмүрбай [5: 93].

Деги эле оозеки адабиятта уламыштар кеңири тараган жана ал эпикалык формад,а тактап айтканда, баяндоо формасында, ыр түрүндө, кара сөз түрүндө да учурай берет. Ошондой эле уламышта бул же тигил окуянын тарыхый негизи бар сыяктуу көрсөтүп, чечмелөөчү жанр катары эсептелинет. Ал эми болумуштун тарыхый негизи жокко эсе, башкача

айтканда, алар көбүнчө фантазияга таянат.

Жомокторго кайрылсак, ал – кыргыз балдар фольклорунун эң кеңири тараган жанры. Жомоктор айбанаттар тууралуу, кереметтүү-укмуштуу жана турмуштук жомоктор деп ажыратылганы менен, бул бөлүштүрүү өтө эле шарттуу. Анткени булар бири-бирине түздөн-түз айкалышып, байланышып турат. Айрым учурларда бири-бирин толуктап турат десек да жаңылышпайбыз. Жомоктордун кайсыл түрүн албайлы, алар – элдик педагогиканын казынасы, көпчүлүгүнүн маңызы педагогикалык чыгармага барып такалат жана аларда педагогикалык идеялар камтылат. Ошондуктан прогрессивдүү ойдогу педагогдор элдик жомоктордун педагогикалык маанисин жана балдардын психологиясына таасирин жогору баалашкан, ошондой эле, окуу китептерине кеңири киргизген. Жомоктордун балдарга тарбиялык таасири кандай гана оор, кыйын нерсе болбосун, адам баласы аларды жеңе алат, акыры чындык, актык адамды бакытка бөлөйт деген ойду жеткизе алгандыгында. Макал-ылакаптар тарбиянын социалдык-этикалык формасына, табышмактар акыл-эс тарбиясына, ырлар эстетикалык жана патриоттук тарбияга салым кошсо, ал эми жомоктор аркылуу алардын баары ишке ашырылары анык. Ошондой эле элдик жомоктордо балдарды тапкычтыкка, сезимталдыкка үйрөтүү максаты орун алган, дал ушул касиеттери менен жомок – универсалдуу жанр.

Мифтик, уламыштык багыты күчтүү чыгармалардын бири санжырага токтолсок, ал – бул же тигил уруунун, уруктун, элдин келип чыгышы, таралышы, тамыры, тарыхы, адамдардын ата-теги, урпактары тууралуу баяндаган чыгармалар. Көбүнчө оозеки формада кеңири тарап, соңку кылымда жазма формалары да пайда болууда. Булар кара сөз түрүндө да, ыр түрүндө да кезигет.

Элибизде санжыра балдарга өзгөчө басым коюлуу менен айтылып, алар ата-теги кайдан чыккандыгын билсин, жети атасын таанып жүрсүн, уруусу, уругу ким, биле жүрсүн деп, атайын тарбиялоо максатында айтылып келген. Мындай баяндарда эл турмушу, элдин тарыхый басып өткөн жолу, этнографиялык, этнопедагогикалык байланыш-катнаштары кеңири берилген.

Дастан жөнүндө сөз кыла турган болсок, ал айтылып келген фольклордук жанр жана советтик адабияттаануунун бизге алып келген термини менен «эпос» деп айтылып калган. Кыргыз фольклорундагы дастандар көлөмүнө карай улуу жана кенже деп бөлүнөт, алардын ичинен «Манас» эпосу биринчисине кирсе, кенже же кичи дастандар «Манас» эпосуна салыштырмалуу эле кенже делбесе, дүйнөлүк фольклор өнөрүндөгү чыгармаларга салыштырмалуу алар деле бир топ көлөмдүү болуп саналат.

«Манас» эпосу элди мекенчилдикке, эл-жерин сүйүүгө тарбиялоону

биринчи милдет катары кароо менен, анда элдик педагогиканын бардык түрлөрү, ар кыл формалары айтылган. Ошондой эле «Манас» эпосу элдик оозеки чыгармачылыктын энциклопедиясы болгондуктан, чыгарманын поэтикасында жоктоо, арман, керээз, учурашуу, коштошуу, ант, пейзаж ж. б. жанрлар, трагедия, комедия сыяктуу сүрөттөө формалары турат, алар жаш муундарды сөз байлыгын өстүрүүгө тарбиялайт. Мындан сырткары, жерибиздин сулуулугу, табият көркү дастандын көп жеринде көрсөтүлүп, баатыр каарман өлгөндө «карагай ыйлап, тал ыйлап» делип, балдарды экологиялык тарбиялоого үндөйт.

Элдик дастандарда достук идеясы күчтүү берилип, кыргыз балдарын достукка бекем болууга, антты, шертти так аткарууга чакырык көрсөтүлөт. «Манас» эпосунан мындай көрүнүштү Манас менен Алмамбеттин достугунан сырткары, адам менен жаныбарлардын ортосунан көрүүгө да болот, мисалы, адамдын ат, ит, куш менен болгон достугу, тактап айтканда, Манастын Аккула, Кумайык, Акшумкар, Алмамбеттин Сарала, Каныкейдин Тайтору менен болгон мамилесинен жана башкалардан байкалат. Бул болсо балдардын жаныбарларга болгон сүйүүсүн күчөтөт.

Кыргыз элдик оозеки чыгармачылыгында ошондой эле лирикалык тек да чоң мааниге ээ. Ал турмушту лирикалык каармандын ички сезимдери: кубанычы, өкүнүчү, толкундануусу, сүйүүсү, түйшөлүүсү ж. б. туюмдары аркылуу чагылдырат. Мындай чыгармаларда окуя, сюжет болбойт, конфликт сезим-ойлордун өсүшүндө көрүнөт, акындын ой жүгүртүүдөн улам айткан пикири, туюму башкы максатка чыгат да, ошол чыгарманы жараткан автордун жеке инсандык белгилери көрүнөт, тилинде эмоционалдуулук күчтүү берилет. Кыргыз фольклорундагы арман, кошок, керээз, санат-насыят, салт ырлары, айтыштар ж. б. чыгармалар лирикалык текке мисал боло алат. Лирикалык тек балдар фольклорунан да кеңири учурайт жана аларга баланын төрөлүшүнө, өсүшүнө байланыштуу каада-салт ырлары, азан чакыруу же балага ат коюу, баланы оозантуу, оюн ырлары жана эмгек, мезгил-маал (календардык) ырлары мүнөздүү.

Булардын ичинен бешик ырын карап көрөлү. Бешик ырларында балдар Күнгө, Айга, Жылдызга, чыракка, жүрөктүн толтосуна, аткан таңга, көрөр көзгө жана ушул сыяктуу эң бийик идеалдарга теңдештирилет, андай ырларды энелер балдарын тойгузуп бүткөн соң уктасын деп сүт жана уйку менен кошо бала дилине салат:

Бешигиң күчтүү болсун,
Ата-энең эптүү болсун!
Энелүүдөн эрке бол,
Өмүрүң узун болсун!
Өрүшүң жайык болсун,
Тукумуң журттан ашып,

Тууганың канат болсун! /
Ыйлаба, балам, ыйлаба,
Ата-энеңди кыйнаба!
Эл жайлоодон түшө элек,
Арпа, буудай быша элек.
Алдей балам, ыйлаба,
Энекеңди кыйнаба! - дегендей бешик ырын баланын кулагына күн сайын куйган.

Ал эми эмгек ырларын алып карасак, анын пайда болушуна элдин чарбалык тиричилиги негиз болгон. Маселен, «Бекбекей» мал чарбачылыгынын негизинде келип чыккан эмгек ырларынын бири болсо, «Шырылдаңдын» чыгышын жылкычылардын турмушу менен бирге караганда гана туура корутундуга келүүгө болот. Ал эми «Оп майда» – кыргыз элинин басып өткөн тарыхый турмушуна байланыштуу пайда болгон эмгек ырларынын белгилүү түрү:

Орой, орой, оп, майда!
Ороо толсун, оп майда!
Кырча, кырча басканың
Кырман толсун, оп, майда! - деп балдар улууларга кошо ырды аткаруу менен эң биринчи кезекте эмгектенүүнүн кыйындыгын жана аны жеңилдетүүнүн, унуткаруунун жолун үйрөнгөн, ошондой эле ата-энелери таап келген нан, жарма, атала, бозо, калама, боорсок жана башка азыктар кандайча, кайдан келерин түшүнүп, эмгектенүүдөн өздөрү да эстетикалык рахат алган.

Эмгек ырларынын педагогикалык идеясы – балдарды оптимизмге тарбиялоо, алар эгер жазда эгин сепсек, жайда жакшы баксак, күздө түшүм мол болуп, кыштан оокаттуу чыгабыз деп эсептешкен жана улуу муун кийинки жаштар тарыхый узак жылдарда топтолгон жалпы элдин эмгекке болгон мамилесин, алардын өнөр сырларын алып калсын, өздөрү алып гана калбай, булар да кийинкилерге чачпай, бузбай өткөрүп берсин дешкен. Ал эми жогоруда аталган «Бекбекей», «Шырылдаң» сыяктуу мал чарбачылыгына байланыштуу эмгек ырлары ууруларга сокку берүүгө балдарды чакырат жана аларга наалат айтылат. Кийинки муундун эмгекчил болуп өсүшүндө, малчылык, аңчылык, дыйканчылык, кол өнөрчүлүк менен алектенишинде эмгек ырларынын да таасири олуттуу түрдө экендиги шексиз.

Жалпылап айтканда, эпикалык дастандар балдарды окуялары, идея-темалары, образдары менен гана тарбиялабастан, көркөм чыгармалар

катары кийинки муунду сөз өнөрүн урматтоого көнүктүрүп, эстетикалык табитин да тарбиялаган.

Жогоруда токтолуп өткөн тарбия маданиятыбыздын дөөлөттөрү, айтылбай калаган дагы көптөгөн кенч-казыналарыбыз элибизде ооздон оозго өтүп айтылып да, жазылып да кийинки муундарга мурас катары калары шексиз. Элдик педагогикада тарбиялоонун катуу тартипке келтирилген мыйзамдары, системага салынган билимдер, так илимий аныктамалар жана терминдер жок болсо да, элдин узак мезгилден берки тажрыйбасынан улам топтолгон акылман ойлордун сырлары салынган алтын казынабыз өнүгүп, өсөт. Илгертен белгилүү болгондой, кыргыз эли балдарын атайын сөз билген, сөз баккан кишилерге жакын койгон, таалим-тарбиялуу адамдарга шакирт катары алып барышкан, ал үчүн бала да устатынын алдында ар дайым милдеттүү болуп, өмүр бою ага кызмат кылып өткөн. Элибизде жарык дүйнөгө келген баланын баары бирдей, алар тарбиясынан гана айырмаланат деп эсептешкен, башкача айтканда, бала тарбиянын бардык түрүнө: акыл-эс, эстетикалык, дене тарбиясына, экологиялык, адеп тарбиясына комплекстүү тарбияланышы зарыл, ошондой эле кыргыз эли тарбиялоочу булактар катары карылардын акыл-насааттарын, баталарын, улуулардын өрнөктүү иштерин, табияттын көрүнүштөрүн, улуттук фольклорду өзгөчө пайдаланган.

Жыйынтыктап айтканда, кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгын билим берүү системасынын педагогикалык дисциплиналарында, тарбиялык сааттарда кеңири, туура пайдаланууга, ошондой эле мамлекетибиздеги жаштарыбыздын аң-сезимине сиңирүүгө чакырабыз.

**Адабияттар:**

1. Алимбеков А. Кыргыз элинин билим берүү салттары. -Бишкек, 2001.
2. Алимбеков А. Кыргыз этнопедагогикасы. - Бишкек, 1997.
3. Волков Г. Н. Этнопедагогика. - М., 2000.
4. Ибрагимов М. Кыргыз макал, лакап, учкул сөздөрү. -Бишкек, 2008.
5. Муратов А. Кыргыз эл педагогикасы: табияты, таралышы жана тарыхы. - Бишкек, 2011.
6. Кыргыз элдик оозеки чыгармачылык тарыхынын очерктери. - Фрунзе, 1973.